**УДК 372**

***Кенжебай кызы Н., Сыдыков Ж.С.***

*Кенжебай кызы Наргиза – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ Сыдыков Жолдош – ф.и.д., доцент, С. Нааматов атындагы НМУ*

# БАЛА БАКЧАДА МЕКЕНДИ СҮЙҮҮГӨ ТАРБИЯЛООДО КЫРГЫЗ ЖОМОКТОРУНУН ТААСИРИ

# ВЛИЯНИЕ КЫРГЫЗСКИХ СКАЗОК НА ВОСПИТАНИЕ ЛЮБВИ К РОДИНЕ В ДЕТСКОМ САДУ

# THE INFLUENCE OF KYRGYZ FAIRY TALES ON THE EDUCATION OF LOVE FOR THE COUNTRY IN KINDERGARTEN

***Аннотация.*** *Мектепке чейинки курактагы балдарды патриоттуулукка тарбиялоонун мазмуну, формалары, ыкмалары, шарттары катары маселелерине кенен кайрылат.*

***Аннотация.*** *В ней рассматриваются содержание, формы, методы и условия воспитания детей дошкольного возраста в духе патриотизма.*

***Abstract.*** *It deals with the content, forms, methods and conditions of educating children of preschool age in the spirit of patriotism.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Патриоттуулук, баалуулук, Ата мененд, тарбиялоо,мекендеш.*

***Ключевые слова:*** *Патриотизм, ценности, Родина, воспитание, соотечественник.*

***Key words:*** *Patriotism, values, Motherland, education, compatriot.*

Азыркы коом билимдүү, жогорку адеп-ахлактуу жарандарга муктаж, алар терең билимге жана аны колдоно билүүгө гана эмес, ошондой эле өзгөчө инсандык сапаттарга ээ. Ошон үчүн бала бакча бүгүнкү күндө жоопкерчиликтүү, жигердүү, жогорку адептүү жаранды, негизги улуттук баалуулуктар системасы калыптанган инсанды калыптандыруу милдети жүктөлгөн.

Окумуштуулардын эмгектериндеги баалуулуктар жана идеялар ар кандай чечмеленет: В.А.Сухомлинскийден [3], мисалы, мекенчилдик, ата-энеге, энеге болгон сүйүү, «адам жашоосундагы эң ыйык, эң сонун нерсе» эң жогорку баалуулук катары алдыга коюлган; К.Д.Ушинский үчүн – Мекен, эне тили [3].

Патриотизм (грек. патриот - мекендеш, πατρίς - ата-мекен) - адеп-ахлактык принцип, коомдук сезим, анын мазмуну ата-мекенге болгон сүйүү жана өзүнүн жеке кызыкчылыгын анын кызыкчылыгына баш ийдирүүгө даяр болуу. Патриотизм өз мекенинин жетишкендиктери жана маданияты менен сыймыктанууну, анын мүнөзүн жана маданий өзгөчөлүктөрүн сактап калууга умтулууну жана өзүн улуттун башка өкүлдөрү менен бирдейлештирүү каалоосун, өз кызыкчылыгын өлкөнүн кызыкчылыгына баш ийдирүүгө даярдыгын, мекенин коргоого умтулууну болжолдойт. Родинанын жана өз элинин таламдары. Кылымдар жана миңдеген жылдар бою түптөлүп, өз мекенине, тилине, каада-салтына болгон бөтөнчө мамлекеттердин болушу патриоттуулуктун тарыхый булагы болуп саналат. Элдердин калыптануу жана улуттук мамлекеттердин калыптануу шарттарында патриотизм коомдук аң-сезимдин ажырагыс бөлүгү болуп, анын өнүгүүсүндөгү улуттук учурларды чагылдырат.

Кыргыз элинин жомокторунда мекенчилдикке тарбиялоонун идеялары абдан көп кездешет. Анүстүнө жомоктор жаш баланын аңсезими оңой кабыл алгыдай мазмунда болгондуктан, алардагы идеялардын өздөштүрүлүшү жеңилдик туудурат.

Жомок биздин жашоого эрте балалыкта эле кирет. Ошондо эле аны баёо кабыл алуу калыптанат. Немец фольклористи К.Ю. Обенауэр кокусунан белгилеген эмес: «Балдар жомок деген эмне экенин билишет». Алардан айырмаланып, окумуштуулар бул жаатта алиге чейин талашып келатышат.

Жомокко арналган көптөгөн адабият таанучулук эмгектердин (бир тууган Я. жана В. Гримм, А.Н. Афанасьев, Ф.И. Буслаев, В.Я. Пропп, Я. де Фриз, А. ван Геннеп, И.Г. Науманн ж.б.) жалпы жагы, аларды предметин фольклордун негизги эпикалык жанрларынын катарына киргизүү болуп саналат. Бирок жомоктордун бир тектүү эместиги, кеңири тематикалык диапазону, аларда камтылган мотивдер менен кейипкерлердин көп түрдүүлүгү, конфликттерди чечүүнүн ыктарынын эсепсиздиги жомокту жанрдык аныктоо милдетин өтө татаал кылат.[3],

Орус окумуштуулары жомокту «мазмунунда тиричиликтик мааниде адаттан тыш (фантастикалык, кереметтүү же турмуштук) окуяларга ээ болгон жана атайын композициялык-стилистикалык курулушу менен айырмаланган оозеки көркөм адабияттын жанры» катары түшүндүргөн А.И. Никифоровдун аныктамасына артыкчылык беришет (Никифоров 1925:
768).

Сюжети ырааттуу, бир сызыктуу, жеңиши сөзсүз болуучу башкы каармандын тегерегинде өнүгөт. Жомоктордун каармандары – ички статикалык элестер-типтер. Жомокту адам психологиясы кызыктырбайт: адамдын типтүү толгонууларынын дүйнөсүн, анын бардык ыраңдарында, бай фольклордук лирика таланттуу чагылткан. Жомокто болсо биздин астыбызга мүнөздөр эмес, типтер, б.а. элести аныктоочу кайсы бир башкы идеянын алып жүрүүчүлөрү чыга келишет. Алар ичкертен статикалуу да, бул кайталанган ылакап ат, портрет, турак-жайдын сүрөттөлүшү менен баса көрсөтүлө алат. Бирок жомоктук элестер-типтердин ички өзгөрүлбөстүгү ага таандык тышкы динамизм менен айкалышат.

Биз жогорку тайпада «Адабий окуу» предметине киргизилген бир катар элдик жомокторду карап көрөлүк. Окуу китебинин 37-41-беттеринде «Кемпирдин жети баласы», 59-63беттеринде «Алтын кумура», 111-113-беттеринде «Акылдуу бала», 150-152-беттеринде «Элчи бала» деген жомоктор орун алган. Албетте, жомоктордун тексттери жаш балдардын аңсезимине ылайыкташтырылып адаптацияланган. Булардын ар бирине өзүнчө токтолуп, алардын баланын патриоттуулукка тарбиялоого кандай салым боло алышарын карап көргөнүбүз максатка ылайыктуу.

«Кемпирдин жети баласы» аттуу жомоктогу каармандар ар бири өзгөчөлөнгөн өнөргө ээ жигиттер. Алар өздөрүнүн өнөрлөрүнүн аркасы менен уурдалып кеткен хан кызын кайра атаэнесине, элине апкелишет. Булардын кылган иши патриоттуулукка жатабы, албетте жатат. Алар өз элинин ханына кызмат кылуу менен кандайдыр бир деңгээлде өз элине, мекенине да кызмат өтөштү да. Мугалим мына ушуну балдарга туура түшүндүргөнү оң. Негизи азыркы учурда деле өнөрлүү жигиттер, алсак, атайын бөлүктөрдүн жоокерлери элине, жерине кызмат кылып жүрүшпөйбү. Демек, Атамекенге кызмат өтөө үчүн жакшы өнөрлөрдү үйрөнүү зарыл экенин балдарга туюндуруу башкы милдеттердин бири катары алдыга чыгат. Ошентип, аталган жомоктун балдарды патриоттуулукка тарбиялоого кошор үлүшү бар.

«Алтын кумура» деген жомокко көңүл буралы. Бул жомокту Жаки Таштемиров иштеп чыккан. Бирок сюжеттин негизи элдик жомоктон алынганы маалым. Андагы башкы каармандардын бири залим хан. Анын башкаруусу ушунчалык акылга сыйгыс жарлыктар менен коштолгон. Алсак, ал картаң адамдарды жардан алыс ыргытуу туурасында жарлык чыгарган. Эл арасындагы Табылды аттуу жигит анын жарлыгын аткарбай атасын

жашырып багып жүргөн. Анын себеби да бар эле. Табылды атасын ыргытканы алпарганда атасы аны карап күлүп коёт. Себебин сураса бир кезекте аны да өз уулу ушинтип жардан ыргытарын айтат. Ушул сөздөн соң Табылды атасын ыргытпай калат. Күндөрдүн бир күнүндө чоң дарыя түбүндө алтын кумура бардыгы белгилүү болот. Хан ошону алдырууга киши жиберип эч ким ийгиликке жетпейт. Көп кишинин башы алынат. Акыры кезек Табылдыга келет. Кумураны табуунун жолун ага атасы айтып берет. Табылды кумураны бактын башынан табат. Бирок хан ал муну өз акылы менен жасаган жок деп шектенип кысмакка алат. Ошондо Табылды атасын жашырып багып жүргөнүн айтат. Ошондон кийин хан карыларды өлтүрткөнүн токтотот. «Карынын кебин капка сал» деген ылакап ошондон калат.

\Жомоктун тарбиялык мааниси улууларды сыйлоого үйрөтүүдө жатат. Улууларды сыйлоо, урматтоо, алардын эмгегин баалоо патриоттуулукка тарбиялоонун компоненттеринин бирин түзө алат. Анткени, улуулардын эмгегинен биздин мекен гүлдөп өнүккөн да. Алар Атамекенди өнүктүрүүгө зор салым кошушкан. Мындан тышкары мекенди коргоодо да алардын эмгеги көп. Мына ушуларды жомокко байланыштырып балдарга түшүндүрүү менен мугалим сабак учурунда патриоттуулукка тарбиялоону жүзөгө ашыра алат.

Эми окуу китебиндеги «Акылдуу бала» деген жомок туурасында сөз кылалы. Жомоктун кыскача мазмуну төмөнкүдөй. Бир жигит төө жоготуп, тууганы экөө издеп чыгат. Алардын алдынан кичине бала жолугат. Ал төөнүн белгилерин айтат, бирок аны көргөн жокмун дейт. Туугандар буга ишенбей баланы казыга апкелишет. Казыга келишкенде бала төөнүн белгилерин кантип билип алганын чечмелеп берет.

Мамлекеттик билим берүү стандартында мектепке чейинки билим берүү, патриоттук тарбиялоонун төмөнкү максаттары белгиленет: балдардын патриоттук аң-сезиминин негиздерин калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү, баланы позитивдүү социалдаштыруу мүмкүнчүлүгү, анын мектепке чейинки куракка ылайыктуу иш-аракеттердин негизинде ар тараптуу инсандык, адеп-ахлактык жана когнитивдик өнүгүү, демилгелүү жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү [62].

Мектепке чейинки курактагы балдарды патриоттук тарбиялоо проблемасы боюнча психологиялык, педагогикалык, методикалык адабияттарды изилдөө ата мекендик педагогдордун жана усулчулардын илимий изилдөөлөрүнүн негизинде мектепке чейинки курактагы балдарды патриоттук тарбиялоо проблемасы өзүнүн актуалдуулугун жоготпогондугун көрсөттү. көп убакыттан бери, ошондуктан азыркы этапта мектепке чейинки курактагы балдарды патриоттук тарбиялоону ишке ашыруу зарыл, анын ичинде аларга билим берүү, анын негизинде көз карашын калыптандыруу жана жаш курагына ылайыктуу иш-чараларды уюштуруу. Мектепке чейинки билим берүү уюмунда патриоттук тарбиялоо процессине тарыхый-өлкө тарыхынын материалдарын (тууган табиятын, маданий мурастарын, каада-салттарын ж.б.) активдүү киргизүү балдарга өздөрүнүн кичинекей Мекенине таандык экенин түшүнүүгө жардам берет. Тарыхый-өлкө таануу материалдары мектепке чейинки курактагы балдардын атуулдук позициясын калыптандырууга багытталган адеп-ахлактык жана патриоттук сезимдерин өнүктүрүүгө жардам берет.

**Адабияттар:**

1. Воронова М.Н., Мороз С.В., Попова И.А. Формирование гражданско-патриотических чувств дошкольников в процессе организации и проведения

познавательной деятельности при реализации интеграции различных образовательных областей// Образование и наука в современных условиях. – 2016. – № 4 (9). – С. 53-55.

2. Голубева Л.А. Патриотическое воспитание детей старшего дошкольного возраста посредством краеведческого материала// Академия педагогических идей Новация. Серия: Студенческий научный вестник. – 2017. – № 5. – С. 149-155.

3. Лаврова Л.Н. Современный взгляд на проблему формирования патриотических чувств личности детей дошкольного и младшего школьного возраста средствами краеведения//Региональное образование: современные тенденции. – 2014. – № 1 (22). – С. 90-96.

4. Лаврова Л.Н., Чеботарева И.В. Современный взгляд на проблему формирования патриотических качеств личности детей дошкольного и младшего школьного возраста средствами краеведения// В сборнике: Педагогика 21 века: стандарты и практики материалы международной научно-практической конференции: в 2 частях. 2016. С. 100-106.